КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №157 Оргочор айылы

**“Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” Мыйзамынын 34-беренесине жана «Оргочор айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндөгү жобого ылайык, социалдык маселелер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы А.Молдокматованын билдирүүсү угулуп Оргочор жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Курулуш министрлигине караштуу Турак жай- жарандык курулуш департаментинин директору Момоконов Ислан Талантовичке жана Курулуш министрлигине караштуу Турак жай-жарандык курулуш департаментинин Укуктук камсыздоо, кадр иштери жана мамлекеттик сатып алуулар башкармалыгынын начальниги Темиржанова Динара Аскаровнага “Оргочор айыл аймагынын ардактуу атуулу” наамын ыйгарылсын.

2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго тапшырылсын

**Төрага** **А.Тыныбеков**